Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз-түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кецешинин комиссиясынын

# КОРУТУНДУСУ

**Курамына:** –философия илимдеринин доктору, профессор Бокошев Ж.Б., философия илимдеринин доктору, профессор Орозалиев Э.С.,
философия илимдеринин доктору, профессор Стамова Р.Д. кирген комиссия З.А. Калмаматованын 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени» аттуу темадагы диссертациясынын (илимий жетекчиси: философия илимдеринин доктору, профессор Үтүров К. Ү.) карап чыгуу менен төмөнкү корутундуга келди:

1. **Диссертациялык кеңеште коргоого укук берилген адистикке иштин ылайык келиши.**

З. А. Калмаматованын сунуш кылган «Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени» аттуу кандидаттык диссертациялык иши Д.09.14.003Диссертациялык кецешинин профилине ылайык келет.

Иште кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменинин өнүгүшүнө философиялык анализ жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу 09.00.11 –социалдык философия адистигинин паспортуна толук жооп берет.

Диссертацияда ааламдашуу шарттарында кыргыздардын эномаданиятындагы маргиналдуулук феноменинин татаал, эволюциялык мүнөзүнүн себептери жана негиздери талданган, маргиналдуулук категориясынын калыптанышында ааламдашуу процесстери негизги фактор экендиги

изилденген, кыргыз этносу узак тарыхый мезгилдерден бери этномаданияттагы бурмаланган, түрү өзгөрүлгөн формаларга кооптонуу менен мамиле кылып келгендигинин себептери иликтенген, ааламдашуу шартында кыргыз этномаданиятынын абалы, бүгүнкү күндө атаандаштыкка жөндөмсүздүгүнүн себептери көрсөтүлгөн. Бул болсо 09.00.11 –социалдык философия адистиги жаатындагы изилдөөнүн талаптарына ылайык келет.

2. **«Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүдөгү жоболордун» «Илимий даражаларды алуу үчүн сунушталган диссертацияларга коюлган баалардын критерийлери жана талаптары» аттуу II бөлүгүнүн чегиндеги диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Теманын актуалдуулугу XX кылымдын аягында адамзаттын этномаданий өнүгүү процессиндеги өтө татаал социалдык проблемаларды чечүү зарылдыгы менен шартталган. Буга чейин адам баласы бүгүнкүдой болуп бүткүл дүйнөдө болуп жаткан глобалдык процесстерге мынчалык терең жана ар тараптуу тартылган эмес. Дүйнө элдери менен ар кыл мамлекеттердин ортосундагы өз ара алаканын күчөшү, маданияттар ортосундагы пикир алышуунун мурда кийин болуп көрбөгөндөй кеңири кулач жайышы, заманбап дүйнөдөгү миграциялык агымдардын бир кыйла өсүшү ар кыл этномаданий чөйрөгө таандык адамдын болмушун коомдук жашоо-тиричиликтин алдыңкы планына алып чыгууда.

Этномаданияттагы маргиналдуулук проблемасы Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) үчүн өзгөчө маанилүү. Анткени, биринчиден, СССР кулагандан кийин миллиондогон адамдар өздөрүнүн этноулуттук түзүмү жайгашкан аймактардан сырткары жерлерде калып, өз укуктары жетишээрлик деңгээлде корголбогон этникалык азчылыктарга айланган. Мындай жагдайда этномаданий маргиналдардын проблемасын изилдөө алардын жүрүм-турумун түшүнүү жана прогноздоо, о.э. ылайыктуу саясатты иштеп чыгуу үчүн пайдалуу боло алат. Жакын чет мамлекеттердеги этникалык азчылыктардын көп сандаган топторунун болушу КМШ

өлкөлөрүнүн өз ара алакаларындагы жана алардын айрымдарынын ички саясатындагы чыңалуунун туруктуу түрдө жана кооптуу маанайда өсүшүнө булак болуп калуусу толук ыктымал. Мындай шарттарда жаңы этникалык азчылыктардын, ири алдыда, КМШ өлкөлөрүндө эмгек мигранты болуп жүргөн кыргыздар жаңы башкаруу күчтөрүнүн саясий оюндарында барымтага же курмандыкка айланып кетүүсү толук мүмкүн. Же болбосо, этникалык азчылыктар КМШ ичиндеги мамилелерди стабилдештирүүгө мүмкүндүк берген интеграциялык элементке айлана алышат. Экинчиден, мурунку СССРге кирген мамлекеттердеги жалпы социалдык-экономикалык жана социалдык-саясий жагдайлардын начарлашы, калктын жашоо-тиричилигинин деңгээлинин этностор ортосундагы жаңжалдар жана кылмыштуулуктун өсүшү менен байланыштуу төмөндошү постсоветтик жарандардын эмиграциясынын ири агымынын болушун шарттаган. Берилген диссертациялык иште, дал ушул адамдардын жашоо-тиричилигинде пайда болгон айрым бир өзөктүү проблемалар каралмакчы.

Батыш саясат таануусунда ааламдашып бара жаткан дүйнөдөгү чыңалуунун фундаменталдуу булагы болуп идеологиялык же экономикалык эмес, дал ушул маданий мүноздөгү факторлор эсептелмекчи деген божомолдор келтирилет. Чындыгында эле, глобалдык масштабдагы маанилүү жаңжалдардын кыйла бөлүгү бири биринен маданияты менен кескин айырмаланган топтор же социумдар ортосунда пайда болууда.

Этномаданий маргиналдуулук проблемасы практикалык-саясий өңүттө гана эмес, илимий-теориялык маанайда да өзгөчө мааниге ээ. Себеби, аталган көйгөй маданият, этнос, инсан сыяктуу заманбап коом таануунун эң талуу жеринде орун алган. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк саясий процесстерде, этностор аралык жана маданияттар аралык мамилелерде болуп жаткан терең өзгөрүүлөр ата мекендик коом таануу үчүн салыштырмалуу жаңы болуп саналган түшүнүктөрдү киргизүүнү, маданияттардын өз ара алакасынын механизмдери тууралуу маселени тактоону, заманбап дүйнөдөгү этностор

ортосундагы мамиленин жаңы кырлары менен өңүттөрүн изилдөөнү талап кылат.

Этномаданий маргиналдуулук проблемасынын анализи эмпирикалык реалдуулукту изилдөөнүн зарыл жана маңыздуу шарты болуп саналат. Көп кырдуу кубулуш болуп эсептелүү менен социогуманитардык изилдөөнүн предмети катары этномаданий маргиналдуулук айрым бир жеке илимий дисциплинанын чегине гана кирбейт. Бүгүнкү күндө маргиналдуулук тууралуу билимдердин комплекси "маргиналистика" деп аталып, ал кандайдыр бир илимий дисциплинанын статусуна ээ болбосо да, дисциплиналар аралык изилдөөлөрдүн натыйжасы болуп саналат. Ушуга байланыштуу анын тереңң социалдык-философиялык негиздеринин милдеттери актуалдуу болуп саналат. Мында "маргиналдуулук" түшүнүгүнүн публицистикалык адабиятта кеңири пайдаланылып, мааниси уламдан улам өсүп бара жаткан мифологизациясы менен метафоризациясы аны олуттуу илимий изилдөөлөрдөн оолак кармап келет.

Этномаданий маргиналдуулук проблемасын изилдөөнүн актуалдуулугу саясий теория жана саясий практиканын бүгүнкү күнгө карата бышып жетип, эми кечиктирилбестен чечүү зарыл болгон милдеттери менен да шартталган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин заманбап дүйнөдөгү ар кыл саясий системалар менен идеологияга ээ өлкөлөрдө улуттук мамлекет концепциясы бекем орногон. Бирок, бүгүнкү күндө дүйнөнүн көп бөлүгүндө мындай мамлекет калктын маргиналдуу топторунун социалдык-саясий проблемалары менен мүдөөлөрүн канаттандыруу ишинде өз максатына жетпей келет. Дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө байкалган этномаданий түзүмдөрдүн жогоруда айтылган активдүүлүгү мамлекет менен бул түзүмдөрдүн ортосундагы мамилелердин жаңы тибин пайда кылып, бир катар татаал саясий суроолорго жооп берүү зарылдыгын жаратууда. Айтсак, айрым бир этномаданий түзүмдү (этнокультурное образование) коргоо принцибине негизделген мамлекет жашап кетүү мүмкүндүгүнө ээби? Мамлекеттеги туюк жана жалгыз этномаданий түзүмдүн логикасы кандай

социалдык-саясий кесепеттерге алып келүүсү ыктымал? Мамлекет тарабынан бул процесстерди жөнгө салуу жана заманбап калктын ар кыл топторунун этномаданий изоляциясын четке кагуу мүмкүнбү? Ошентип, маргиналдуулук проблемасы социалдык-философиялык жобонун гана эмес, социалдык-саясий теория менен практиканын көз карашында да актуалдуу болуп саналат.

Жогоруда белгиленген жагдайлар диссертациянын темасынын акуалдуулугун күбөлойт.

**3. Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүдөгү жоболордун» «Илимий даражаларды алуу үчүн сунушталган диссертацияларга коюлган баалардын критерийлери жана талаптары» аттуу II бөлүгүнүн чегиидеги иштин илимий жыйынтыктары.**

Автордун изилдөосүнүн негизинде жасаган жыйынтыктары илимий жактан маанилүү болуп эсептелет. Эмгекте ааламдашуу шарттарындагы кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномениниң динамикасына жана ааламдаштыруу шартындагы абалына философиялык талдоо жүргүзүлүшү социалдык–философиялык изиилдөөлөргөөз салымын кошмокчу. Автордун жеке катышуусу менен төмонкү негиздүү жыйынтыктар чыгырылган:

**1-жыйыитык.**Ар бир этноулуттук маданият географиялык, тарыхый, технологиялык жана турмуш-тиричилик сыяктуу спецификалуу чойролөрдө калыптануу менен өз тилин, маданий коддорун, дүйнө көрүмүн, өзүнө гана таандык дүйнө элесин (картина мира) иштеп чыгат.

**2-жыйынтык.**Дүйнөнүн элеси кубулуштар менен окуяларды кабыл алуу менен интерпретациялоонун спецификалуу ыкмасын аныктап, дүйнө кабыл алуунун пайдубалы болуп саналат. Дүйнөнүн элеси тарых менен шартталган мүнөзгө ээ болуу менен коомдун тарыхый өнүгүшүнүн жүрүшүндө субъекттердеги дүйнө тууралуу түшүнүмдөрдүн дайыма озгөрүлүп туруусун мүмкүн кылат. Дүйнөнүн элесинин маанилүү компоненттери болуп маданий нормалар, баалуулуктар, образдар менен

түшүнүмдөрдүн системасы, дүйнөнү кабыл алуунун ыкмалары, маданий архетиптер менен каада-салттар эсептелишет.

**3-жыйынтык.** Маданият менен байланышкан психологиялык өзгөчөлүктөрдү изилдөөдө этникалык стереотиптерди айырмалап алуу ишти бир кыйла жеңилдетет. Этникалык стереотип деп кандайдыр бир этникалык топтордун же жамааттардын ар бир өкүлүнө ыйгаруу жеңил болуп саналган, жөнөкөйлоштүрүлгөн, схемалаштырылган, эмоционалдуу боекторго каныккан жана абдан туруктуу мүнөздөгү образдары аталат. Демек, этникалык стереотиптер деп башка улуттук топтордун көз карашында кандайдыр бир улуттук топтун өкүлдөрү тууралуу туруктуу түшүнүмдөрдү атоого болот.

**4-жыйынтык.** Соодадан алыс болуп, руханий дүйнө менен жашап, кең пейили, түз сүйлөгөнү менен айырмаланган Кыргызстандын түндүгүндогү номаддардын кулк-мүнөзү менен тарыхый жагдайлардан улам Кокон хандыгы. менен өзбек туугандардын таасирине чалдыгып калган түштүк туугандардын соода цивилизациясына таандык спецификалуу кулк-мүнөзү менен тилинин ортосундагы айырмачылык кыргыздардын түндүк-түштүк болуп бөлүнүүсүнө негиз болуп калган.

**5-жыйынтык.** Маданияттар аралык өз ара алаканын тогуз жолдун тоомундагы, же фокусундагы индивиддин (топтун, жамааттын) абалын мүнөздөгөн маргиналдуулук түшүнүгү алгачкы жолу XX кылымдын биринчи жарымында америкалык социалдык илимде европалык эмес дүйнөгө таандык инсанды туюнтуу максатында пайда болгон.

**6–жыйынтык.** Социумдун мезгил мезгили менен кайталанып туруучу флуктуациясынын (термелүүсүнүн) себеби катары маргиналдуулук коомдук болмушту жападан жалгыз, балким, туңгуюкка алып келүүчү жол боюнча өнүгүүдөн алдын алып, анын жашоосунун коргонуч механизми да, өз алдынча кайра жаралып (жанданып) туруучу көп түрдүүлүктүн механизми да болуп саналат.

**7–жыйынтык.** Колдо болгон илимий адабияттын анализи төмөнкүдөй эки корутунду жасоого мүмкүндүк берет. Биринчиси, советтик

изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде бир катар баалуу байкоолор кездешет, маанилүү көлөмдөгү тарыхый-политологиялык материал жалпыланган, бирок, теориялык жактан маргиналдуулук жана маргиналдуу инсан түшүнүктөрү, о.э. этномаданий маргиналдуулук феномени жетишээрлик иштелип чыккан эмес. Экинчи корутунду КМШ аймагы менен ата мекендик илимий адабияттагы маргиналдуулук феноменин изилдөө тажрыйбасы анча чоң эмес, о.э. изилдөөнүн объектисинин татаалдыгы менен көп кырдуулугу бул кубулушту социалдык-философиялык өңүттө изилдөө зарылдыгын жаратат.

**8–жыйынтык.** Ааламдашуунун заманбап шарттарында этникалык, же этномаданий маргиналдуулук салттуу маданияттардын этникалык спецификалары менен кагылышкан Батыштын унификацияланган урбаністтик (латынчадан urbanus – шаардык) маданиятынын экспансиясы менен тыгыз байланышкан. Кыргыз этномаданиятынын шарттарында мындай кубулуш СССРдин орусташтыруу жана орусташтыруу саясатынын формасында көрүнгөн.

**9–жыйынтык.**Ар кыл объективдүү жана субъективдүү факторлордун таасири астында кыргыздар XX жана XXI кылымдарда ири масштабдагы миграциянын таасирине чалдыгып, дүйнө өлкөлөрүнө чачырап, дисперсия жана диаспора формасында өнүгүүгө мажбур болгон. Этномаданият проблемалары боюнча илимий адабияттын анализи көрсөткөндөй, кыргыздар дүйнөдөгү эң байыркы этнос болуп саналганы менен алардын дисперстүүлүгү менен диаспоралдуулугунун классикалык маселелерин изилдеген эмгектер азырынча жокко эсе.

**4. Диссертациядагы чыгарылган ар бир жыйынтыктын (жобонун, натыйжанын, корутундунун) негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Диссертациядагы чыгарылган ар бир жыйынтык, жобо жана жыйынтыктар илимий-концептуалдуу негизде аргументтүү ой-пикирлер менен негиздүү жана ишенимдүү берилген. Изилденип жаткан проблеманын көп кырдуу мүнөзү жана татаалдыгы изилдөөнүн жүрүшүндө этномада-

нияттагы маргиналдуулук феноменине байланыштуу ар тармактагы илимдердин жоболорун колдонуу зарылдыгын жараткан. Жалпы жонунан изилдөө иши проблема менен контекстти жалгаштырган логикалык жана гноселогиялык принциптерге, жалпынын,өзгөчөнүн жана жекенин диалектикалык айкалышуу принциптерине негизделгендиктен, диссертациядагы жоболор, корутундулар негиздүү жана ишенимдүү мааниге ээ болушкан.

1-**жыйынтык.**Негиздүү жана ишенимдүү, анткени иште этномаданияттагы маргиналдуулук феномени коомдук болмуш жана жалпы эле маданияттын өнүгүшүндө маанилүү роль ээлегендиги баса белгиленди. Этномаданияттагы маргиналдуулук феномени ааламдашуу процесстери менен тыгыз байланышта экендиги ачылган.

**2-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени иште этномаданияттагы маргиналдуулук феномени коомдо жаралып, коомдук аңсезимдин спецификалуу формасы экендиги ачык көрсөтүлгөн.

**3-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени этномаданияттагы маргиналдуулук феномени жамандан жакшыны ажырата билүү жөндөмдүүлүгү менен байланышкан табитти пайда кылат. Мындай жол менен жаралган табитти калыптандыруу жана тарбиялоо зарыл, эстетикалык табитти калыптандырууда этномаданияттагы маргиналдуулук феноменинде байкалган позитивдүү жана негативдүү феномендердин ролу абдан маанилүү экендиги айкын негизделген.

**4-жыйынтык.** Этномаданияттагы маргиналдуулук феномени маданияттын түпкүрүндо жаткан архетиптерден башталып, стереотиптер жана неотиптер аркылуу онүгүп, ааламдашуу шарттарында прогрессивдүү кадам таштаган ички динамикасы, коллективдүү ой жүгүртүүдөн индивидуалдуу ой жүгүртүү баскычына өткөндүгү ишенимдүү аныкталган

**5-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, иште этномаданияттагы маргиналдуулук феномени дүйнөлүк масштабдардагы ойчулдардан тартып, ата мекендик изилдоочүлөрдүн эмгектеринде анализделген.

**6-жыйынтык.** Негиздүү жана ишенимдүү, анткени иште азыркы социомаданий процесстердин этномаданияттагы маргиналдуулук феноменине тийгизген таасири ишенимдүү илимий талдоодон өткөн.

**5. Диссертациядагы чыгарылган ар бир жыйынтыктын (жобонун, натыйжанын, корутундунун) жаңычылдыгынын деңгээли.**

1-**жыйынтык**. Жарым-жартылай жаңы, анткени,этномаданияттагы маргиналдуулук феноменинин өнүгүшүнө, динамикасына байланыштуу эмгектер бар.

**2-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, анткени, кыргыз этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменинин башатын байыркы мезгилдерден издөө, б.а. фольклордук материалдарга таянуу менен изилдеген эмгектер бар.

**3-жыйынтык.** Жаңы, анткени,этномаданияттагы маргиналдуулук феномени менен байланышкан табит категориясы өзүнөн өзү жаралбайт, аны калыптандырып жана тарбиялоо зарыл, эстетикалык табитти калыптандырууда этномаданияттагы маргиналдуулук феноменинин позитивдүү жана негативдүү көрүнүштөрүнүн ролу абдан маанилүү экендигин белгилеген атайын изилдөөлөр жок.

**4-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, анткени, этномаданияттагы маргиналдуулук феномени XX кылымдагы Батыштын илимий адабиятында абдан өнүгүп, ал маргиналдуулукка карата философиялык анализдин өнүгүшүнө өбөлгө болгондугун изилдеген эмгектер бар.

**5-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы, анткени,иште этномаданияттагы маргиналдуулук феноменин анализдеген изилдөөлөр жок эмес.

**6-жыйынтык.** Жаңы, анткени, иште ааламдашуу процесстеринин этномаданияттагы маргиналдуулук феноменине тийгизген таасири алгачкы жолу илимий жактан таасын ачылып берилген.

**6. Диссертациядагы чыгарылган ар бир жыйынтыктын жобонун, натыйжанын,корутундунун жарык көрүшүнүн аныктыгы.**

Изилдоонүн негизги жоболорунун жана жыйынтыктарынын негизинде республикалык илимий-теориялык конференциялардын материалдарында, жарык көргөн илимий макалаларда толук чагылдырылган:

1. Калмаматова З.А., Субанов К.Этнопедагогика-педагогика илиминин бир тармагы //И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы.-Бишкек,2011.-№3.2.-218-219б.

2. Калмаматова З.А., Субанов К.Семья как важный фактор формирования современной личности человека //Философский альманах. Современность: мир мнений.- Алматы, 2011.-№4.-С.105-110

3. Калмаматова З. А."Манас" эпосу Б.Солтоноевдин изилдоосундо //ОшМУнун жарчысы .- Ош,2012.- Атайын чыгарылышы.-С.252-254

4. Калмаматова З. А. Этномаданий маргиналдуулук түшүнүгүнүн маңызы жана мазмуну//ОшМУнун жарчысы .- Ош,2014.-№4

5.Калмаматова З. А. Ааламдашуу шарттарында этномаданий маргиналдуулукту жараткан факторлорду анализдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери //ОшМУнун жарчысы. -Ош,2014. –№4

6.Калмаматова З. А. Кыргыздардын этномаданиятындагы архетиптер// И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы .-Бишкек,2012.-№3.2

7. Калмаматова З. А. Кыргыздардын этномаданиятындагы стереотиптер // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы .-Бишкек,2012.№3.2

8. Калмаматова З. А. Русификация феномени жана кыргыздардын этномаданиятын орусташтыруунун негизги методдору // Гуманитарные вопросы современности. ИФППИ НААН КР.- Бишкек, 2014.-№19

9.Калмаматова З. А. Кыргыздардын этномаданиятындагы совет бийлигинин орусташтыруу саясаты менен байланышкан неотиптер // Гуманитарные вопросы современности. №19. ИФППИ НААН КР.- Бишкек, 2014.

10.Философия природы и человека в трудах античных философов и героическом эпосе "Манас" // Высшая школа Казахстана №1, 2014

11.Калмаматова З.А. Влияние политики русификации в СССР на этнокультуру кыргызов // Молодой ученый , 2016.-№19

12. Калмаматова З. А. Факторы,порождающие этнокультурную маргинальность в условиях глобализации // Молодой ученый,2016.-№19

**4. Жетектөөчү мекеменин, расмий оппоненттерди сунуш кылуунун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин Комиссиясы З. А. Калмаматованын кандидаттык диссертациялык иши боюнча төмөнкүлөрдү сунуштайт:

**Жетектөөчү мекеме катары** –Ж.Баласагын атындагы КУУ, Философия кафедрасы. Кафедрада белгилүү илимпоздор: философия илимдеринин доктору, профессор Айтбаев А.А., философия илимдеринин кандидаты, доцент Сааданбекова Ч.И., философия илимдеринин кандидаты, доцент Ибраев К.Ш., философия илимдеринин кандидаты Апсаматова Э.А. ж.б. иштешет.

**Биринчи расмий оппонент катары** - КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор Мукасов Ы.М. (автореферат боюнча адистиги 09.00.03).Окумуштуунун изилдөөгө алынган проблемага жакын эмгектери томөнкүлөр:

1. Мукасов Ы. М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динмикасы – Бишкек:Илим, 2004. – 242 б.
2. Мукасов Ы.М.Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа -Бишкек:Илим,1999,-225с.
3. Мукасов Ы.М.философская мысль в контексте развития кыргызской культуры -Бишкек,2010.-311с.

**Экинчи расмий оппонент катары** - философия илимдеринин кандидаты, Искендерова А. К (автореферат боюнча адистиги 09.00.11).

Окумуштуунун изилдөөгө алынган проблемага жакын эмгектери төмөнкүлөр:

1. Искендерова А.К. Взаимоотношение поколений в современной кыргызской семье. –Алматы, №3. 2015.
2. Кыргыз үй-бүлөсүнүн түзүлүшү жана составы. Бишкек, 2009.
3. «Манас» эпосундагы муундар ортосундагы оз ара байланыш.- Б, 2015.

Комиссия өткөрүлгөн документтерди карап чыгуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз-түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңешке З.А. Калмаматованын социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени» аттуу темадагы диссертациялык ишин кабыл алуусун сунуштайт.

**Диссертациялык кеңештин Комиссиясынын төрагасы,**

философия илимдеринин доктору,
профессор **Ж.Б.Бокошов**

**Диссертациялык кеңештин Комиссиясынын мүчөлөрү:**

философия илимдеринин доктору,
профессор **Э.С.Орозалиев**

философия илимдеринин доктору,
профессор **Р.Д.Стамова**

Диссертациялык кеңештин Комиссиясынын
мүчөлөрүнүн колдорун тастыктаймын:

**Диссертациялык кецештин окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты** **Н.С.Акматова**